**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**

**№11 САЙМАЛУУ-ТАШ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**

Индекс: 721500
Карл Маркс а. Мектеп к. №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**

**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №11 САЙМАЛУУ_ТАШ**

Индекс: 721500
с.Карла Маркса у. Мектеп №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

**Жалпы ата-энелер чогулулушу**

Карл Маркс а. с.Карл Маркс

«27» 09 2021-ж. №___

# №1 Токтом

**Катышканы- 44**

**Каралуучу маселе: 1**

1. **2021-2022-окуу жылына ата-энелер комитетин шайлоо жөнүндө**
2. **Окуучулардын окуу куралдарын жана катышын камсыздоо жөнүндө**

**Угулду; Мектеп директору Аалиев Б. сөзү:** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер! Жаны окуу жылдын башталышы менен баарыныздарды куттуктайм! Биз бүгүн 2021-2022-окуу жылына ата-энелер комитетин шайлоо жөнүндө, Окуучулардын окуу куралдарын, сабакка келишин ата-энелер тарабынан камсыздоо жөнүндө.

**Угулду; Тарбия иштери боюнча уюштуруучу жана социалдык педагог Алмазбек к А. сөзү:** Саламатсыздарбы! Жаны окуу жылыныздар менен жалпы баарыныздарды куттуктайбыз! Ошону менен бирге окуу жылдын башталышы менен бирге жоопкерчиликтер да бар. Алар: Балдарды окуу куралдар менен камсыз кылуу, ата-энелер комитетин шайлоо. Биздин окуучулар талапка жараша окууларыбызга мүкүнчүлүктөр түзүлүп берилген. Сиздер окуучулардын катышын камсыздап, бизге көмөк көрсөтсөнүздөр.

**Угулду; Ата-эне Махмудша кызы М. сөзү:** Саламатсыздарбы! Буга чейин ата-энелер комитетинин төрайымы Төрөгелдиева Айжан жакшы иш алып барып келди. 2021-2022-окуу жылында деле жоопкерчиликти ушул эжекеге тапшырсак деп ойлоп атам. Жалпыныздар менин оюма кошулат деген ойдомун.

**Токтом кылат:**

1. Мектептин ата-энелер комитетинин төрайымы Төрөгелдиева Айжан ордунда калтырылсын.
2. Окуучулардын окуу куралдарын, катышын камсыздоо ата-энелерге милдеттендирилсин.

**Чогулуш башчысы:** **Аалиев Б.**

**Катчысы:** **Сүйөрбек к Г.**

Scanned by TapScanner

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**

**№11 САЙМАЛУУ-ТАШ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**

Индекс: 721500
Карл Маркс а. Мектеп к. №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**

**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №11 САЙМАЛУУ_ТАШ**

Индекс: 721500
с.Карла Маркса у. Мектеп №28
e-mail: 11saimaluutash@gma

Карл Маркс а. — с.Карл Маркс

«27» 09 2021-ж.

# Ата-энелер чогулушунун

# №2 Токтому

**Катышканы-28**

**Каралуучу маселе: 1**

1. **1-4-класстарга ысык тамак берүү жөнүндө**

**Угулду; Мектеп директору Аалиев Б. сөзү:** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер! Жаны окуу жылдын башталышы менен баарыныздарды куттуктайм! Биз бүгүн 2021-2022-окуу жылына карата 1-4-класстарга ысык тамак берүү үчүн БУУДАТПнын проектисине кирип, мектептин ичинен бир комнатаны талапка ылайык жасап, БУУДАТП тарабынан балдарга ысык тамак берүү үчүн 500 000 сомдук оборудование менен камсыз болдук. БУУДАТП тарабынан окуучуларга ысык тамак берүү үчүн ун берилип турат. Мамлекет тарабынан бир балага 10 сомдон гана тамак берилет. Ошондуктан балдарга ысык тамак берүү үчүн ата-энелер тараптан да жардам көрсөтүлүүгө тийиш. Андыктан балдарга ысык тамак берүү үчүн айына канча сомдон каражат бөлүп бере аласыздар оюнуздарды айтсаңыздар.

**Окуу бөлүмүнүн башчысы Эркулова З. сөзү:** Саламатсыздарбы! Быйыл биздин мектептин ашканасы жаныланып, заманбап ашканага айланып, ар кандай тамак бышыруучу приборлор жана ысык-муздак суу менен камсыздалды. Талапка ылайык сиздер тараптан колдоо керек болуп турат. Ар кимиңиздер өздөрүнүздөрдүн балдарыныздар үчүн эт, картошка, пияз ж.б.у.с. азыктар жактан жардам кылсаныздар. Себеби, балдардын толук өсүп-өнүгүүсү үчүн жакшы тамактануусу керек. Ысык тамак уюштурууда ата-энелер тарабынан комиссия түзүлсүн. Анын башында башталгыч класстар боюнча ата-энелер комитетинин төрайымы Б. Чотомкулова туруушу шарт. Баардыгы ата-энелердин көзөмөлүндө болушу керек.

**Ата-эне Б.Чотомкулованын сөзү-** Урматтуу ата-энелер башталгыч класс боюнча жалпы 55(элүү беш) бала тамактанат экен. Туура көрсөнүздөр ар бир балага айына 100 сомдон акча каражат чогултуп, балдарга ысык тамак берүү үчүн эт жана жашылча алып берсе болот. Барыңыздар эле колдойт деп жатам.

**Чогулушка катышкан бардык ата-энелер бир добуштан колдошту!**

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуш токтом кылат**

1. 2021-2022-окуу жылына карата 1-4-класстарга ысык тамак берүү үчүн ата-энелер тарабынан ар бир айга 100(жүз) сомдон акча каражаты чогултулсун.
2. Акча кражатын чогултуу ар бир класстын ата-энелер комитетинин төрага, төрайымдарына милдеттендирилсин.
3. Чогултулган акча каражатына балдарга ысык тамак берүү үчүн азык-түлүк товарды алып келүү жагы 1-4-класстын ата-энелер комитетинин төрайымы Б.Чотомкуловага милдеттендирилсин.

**Чогулуш башчысы:** **Аалиев Б.**

**Катчысы:** **Сүйөрбек к Г.**

Scanned by TapScanner

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**

**№11 САЙМАЛУУ-ТАШ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**

Индекс: 721500
Карл Маркс а. Мектеп к. №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**

**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №11 САЙМАЛУУ_ТАШ**

Индекс: 721500
с.Карла Маркса у. Мектеп №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

**Жалпы ата-энелер чогулулушу**

Карл Маркс а. с.Карл Маркс
16-ноябрь 2022-ж. №___

# №_3_ Токтом

**Катышканы- 39**

**Каралуучу маселе: 1**

1. **Окуучулардын 1-чейректеги билим сапаты жөнүндө**
2. **Мектепте ата-энелер мектебин уюштуруу жана төрага(төрайым) шайлоо жөнүндө**
3. **Ар кандай маселелер**

**Угулду; Мектеп директору Аалиев Б. сөзү:** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер! бүгүн 1. Окуучулардын 1-чейректеги билим сапаты жөнүндө
2. Мектепте ата-энелер мектебин уюштуруу жана төрага(төрайым) шайлоо жөнүндө
3. Ар кандай маселелер боюнча чогулуш болмокчу. Биринчи маселе боюнча балдарыныздардын жетишкендиктери боюнча класс жетекчилер кененирээк маалымат берип өтүшөт.

**Угулду; Тарбия иштери боюнча уюштуруучу жана социалдык педагог Алмазбек к А. сөзү:** Саламатсыздарбы! Былдыркы окуу жылында пилоттук мектептерге ата-энелер мектеби уюшулуп, иш алып барып келишет. Быйыл бизге да уюштуруу тапшырмасы келди. Ошондуктан сиздер менен кеңешип, ата-энелер мектебинин төрайымын жана мүчөлөрүн шайлап алсак. Мен мектебибизди насаатычы мугалимдеринин бири Манапбаева К. эжени сунуштайт элем. Себеби, мугалимдик кесипти эле аркалабастан айылдык кенештин да депутаты болуп эл менен иштешип келет. Анан сиздер менен да жакшы иш алып барат деген ойдомун.

**Угулду; Ата-энелер комитетинин төрайымы Чотомкулова Б. сөзү:** Саламатсыздарбы! Ооба, мен да Манапбаева К. эжекени туура көрөм. Көп жылдык стажы бар мугалим, андан тышкары өзүнүн ишине так. Ата-эне менен мектептин ортосунда көпүрө болуп жакшы иш алып барат деген ойдомун. Биз ар бир класстын комитеттери жардам кылууга даярбыз.

Чогулуш угуп талкуулап
**Токтом кылат:**

1. Ата-энелер мектебинин төрайымыдыгы Манапбаева Кардыгачка милдеттендирилсин.
2. Окуучулардын билим сапатына көзөмөл жүргүзүү класс жетекчилерге жана ата-энелерге милдеттендирилсин.

**Чогулуш башчысы:** **Аалиев Б.**

**Катчысы:** **Сүйөрбек к Г.**

Scanned by TapScanner

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**

**№11 САЙМАЛУУ-ТАШ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**

Индекс: 721500
Карл Маркс а. Мектеп к. №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**

**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №11 САЙМАЛУУ_ТАШ**

Индекс: 721500
с.Карла Маркса у. Мектеп №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

***Жалпы ата-энелер чогулулушу***

Карл Маркс а. — с.Карл Маркс

«29» 11 2021-ж. — №___

# №_4_Токтом

**Катышканы- 39**

**Каралуучу маселе:**

1. **Окуучулардын билим сапаты, сабакка катышуусу жөнүндө**
2. **Окуучуларды ар кандай ийримдерге тартуу жөнүндө**
3. **Ар кандай маселелер**

**Угулду; Окуу бөлүмүнүн башчысы Эркулова З. сөзү:** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер, бүгүн жогоруда айтылган маселерлер боюнча сөз кылабыз. Мен билим сапаты боюнча кайрылгым келип турат. Былтыр пандемиянын кесепетинин улам билим сапаты бир аз аксап кетти эле. Окуучуларыбыз соц тармактарга көбүрөөк кирип, окууга болгон кызыгуулары азайып жатат. Ошондуктан кадимки окуу учурунда балдарды үйдөн сиздер, мектептен биз мугалимдер дыкат көзөмөлгө алсак жакшы болот эле. Бул чогуштан соң ар бир класстын жетекчилери балдарыныздар тууралуу кененирээк маалымат берет.

**Угулду; Мектептин тарбия иштери боюнча уюштуруучусу Алмазбек к А. сөзү:** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер! Окуудан тышкары балдарды ийримдерге жиберип турсаныздар. Мектепте өтүлгөн ар бир сабактын жумасына 2 саттан өтүлуп турган ийримдери бар. Сабак учурунда календарлык тематикалык пландын негизинде гана сабактар өтүлөт. Ал эми ийрим убагында балдардын ар кандай шык жөндөмдөрү ачылып, сабакты ар тараптуу окушат.

**Угулду; ата-энелер комитетинин төрайымы; Төрөгелдиева А.** Саламатсыздарбы! Ооба 2-чейректин башталышы менен жыл башындагы билим сапат белгилүү болуп калды. “Билимдүү жаштар келечек ээлери” демекчи балдарыбыздын билимдүү болушуна биреликте аракет кылсак. Алардын келечеги бизге өтө маанилүү

Чогулуш угуп талкуулап

**Токтом кылат:**

1. Окуучулардын билим сапатын көзөмөлдө ОББ Эркулова Зуурага тапшырылсын:
2. Окуучулардын ийримге тартылуусу передметтик мугалимдерге жана ата-энелерге тапшырылсын:

**Чогулуш башчысы:** **Аалиев Б.**

**Катчысы:** **Сүйөрбек к Г.**

*Scanned by TapScanner*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**

**№11 САЙМАЛУУ-ТАШ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**

Индекс: 721500
Карл Маркс а. Мектеп к. №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**

**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №11 САЙМАЛУУ_ТАШ**

Индекс: 721500
с.Карла Маркса у. Мектеп №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

***Жалпы ата-энелер чогулулушу***

Карл Маркс а. с.Карл Маркс

«24» 01 2022-ж. №___

# №_5_Токтом

**Катышканы- 41**

**Каралуучу маселе:**

1. **Окуучулардын билим сапаты, сабакка катышуусу жөнүндө**
2. **Окуучулапды олимпиадага даярдоо жөнүндө**
3. **Ар кандай маселелер**

**Угулду; Окуу бөлүмүнүн башчысы Эркулова З. сөзү:** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер, бүгүн жогоруда айтылган маселерлер боюнча сөз кылабыз. Астыда келе жаткан предметтик олимпиадаларга окуучулардын даярдануусуна шарт түзүп берсениздер. Олипиада мектептин жүзү. Окуучуларыбыз олимпиададан орундарга жетишсе сиздердин, биздин сыймык. Мектептен даярдоо жагы сабак берген предметтик мугалимдерге тапшырылган , уйдөн ата-энелер көзөмөлдөп берсениздер. Ал эми бул чогуштан соң ар бир класстын жетекчилери балдарыныздар тууралуу кененирээк маалымат берет.

**Угулду; Мектептин тарбия иштери боюнча уюштуруучусу Алмазбек к А. сөзү:** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер! мен бугун окуучулардын сабакка катышуусу жөнүдө айтайын. Азыр кыштын күн болгондуктан окуучулар малга аралашып сабактан кечигип, айрым учурларда сабак калтырып да коюп жатышат. Сиздерге кол кабыш кылууда мектептин эч кандай каршылыгы жок. Болгону сабакка кедергисин тийгизбесе жакшы болот эле.

Чогулуш угуп талкуулап

**Токтом кылат:**

4. Окуучулардын олимпиадага даярдануусун көзөмөлдө ОББ Эркулова Зуурага тапшырылсын:
5. Окуучулардын катышын камсыз кылуу жана ата-энелерге тапшырылсын:

**Чогулуш башчысы:** **Аалиев Б.**

**Катчысы:** **Сүйөрбек к Г.**

Scanned by TapScanner

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**

**№11 САЙМАЛУУ-ТАШ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**

Индекс: 721500
Карл Маркс а. Мектеп к. №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**

**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №11 САЙМАЛУУ_ТАШ**

Индекс: 721500
с.Карла Маркса у. Мектеп №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

## № 6 Токтом

9-март 2022-ж Карл Маркс айылы

**Катышканы- 51**

**Каралуучу маселе: 1**

1. **Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, укук бузулардын, өз өмүрүнө кол салууну алдын алуу жөнүндө**

**Угулду: Тогуз-Торо райондук ички иштер бөлүмүнүн улук тескөөчүсү Токтоналиев Кошойбектин сөзү:** Саламатсыздарбы урматтуу Саймалуу-Таш мектебинин эмгек жамааты, ата-энелер жана окуучулар! СУИЦИД - адамдын (кишинин) өз өмүрүн өзү кыйуусу. Ар кандай себептерден улам, адам бул дүйнөдөгү жашоосун токтотуу үчүн өз денесине ар кандай жол (физикалык, химиялык) жол жана ыкмалар менен оор, айыктыргыс зыян кылып, анын натыйжасында өлүмгө дуушар болуусу.

Суицидге көпчүлүк учурларда жашоосуна таарынган, жашоонун кызыгын таба албай калган, узакка созулган катуу оорудан тажаган же алдыда болуусу күтүлүп жаткан кыйынчылык менен өлүүдөн кутулуу үчүн аргасыздан ушул жолду тандаган адамдар барышат.

Суицид ошондой эле өспүрүмдөр арасында да азыркы жашоодо көп кездешет. Алардын мындай кадамга баруусу - болоор-болбос шылтоолор менен коштолот. Өспүүмдөрдүн дүйнө кабылдоосу өтө назик болгондуктан жана билгенден биле элеги, көргөндөн көрө элеги көп болгондуктан, жаңылыштык кылып өз өмүрлөрүн кыйышат. Ата-энесине же бир туугандарына, классташтарына же мугалимдерине таарынган өспүрүмдөр "мени ушинтип, басынтып, көнүл бурбай, мени баалап барктабай жатышабы, карап турушсун, мен өлгөндөн кийин мага боорлору ооруп, жакшы адам эле дешет, өз кылгандарына өкүнүшөт" деп ойлоп, ушундай жолго барышат. Бирок, өлгөндүн жазасы - көмгөн дегендей, суициддин натыйжасында өспүрүм өзү гана утулат. Адам баласы бул жашоонун кыйынчылыктарынан кутулуу үчүн өз жанын кыйууга баргандан көрө, ошол кыйынчылыктарды жеңип, жашоодо көптөгөн ийгиликтерге жетишүүгө аракет кылуу жолун тандап алуусу эң туура болот. Себеби, ар бир адамдын башына кыйынчылыктар дайыма келип-кетип турат.

**Угулду: Тогуз-Торо райондук ички иштер бөлүмүнүн Атай айылдык тескөөчүсү Бакаев Ж.** Саламатсыздарбы! Азыркы учурда өспүрүмдөр арасында суицид чоң көйгөй. Ошол нерсени алдын алуу үчүн мектепте ар кандай иш чаралар өтүлүп келет. Ар бир өтүлгөн иш чараларды көз жаздымда калтырбай өзүңөргө тиешелүү жакшы жактарын алууга аракет кылышынар керек. Биз жашап жаткан коомдо ар кандай учурлар катталып жатат. Алардын бири болуп өспүрүмдөрдүн өз өмүрүнө кол салуусу. Алар женил ойлуулукка, кызуу кандуулукка алдырып коюп жатышат. Буга ата-энелердин, чөйрөдөгү адамдардын да туура эмес мамилеси себеп болууда. Ошондуктан ата-энелерге айтаарым

Scanned by TapScanner

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br><br>№11 САЙМАЛУУ-ТАШ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br><br>ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №11 САЙМАЛУУ_ТАШ |
|---|---|---|
| Индекс: 721500<br>Карл Маркс а. Мектеп к. №28<br>e-mail: 11saimaluutash@gmail.com | | Индекс: 721500<br>с.Карла Маркса у. Мектеп №28<br>e-mail: 11saimaluutash@gmail.com |

№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин жалпы жамаатынын чогулушун

# №_8_Токтому

Карл Маркс а. с.Карл Маркс

9-апрель 2022-ж.

Катышканы 32

**Каралуучу маселе:**

1. **Терроризмге жана экстремизмдин башка терс көрүнүштөргө каршы күрөшүү жана антикоррупция субъектилеринин иштеринде бирге иш алып барууну координациялоону камсыздоо боюнча**

**Угулду; КР МУКК‑нын райондогу бөлүмчөсүнүнүн өкүлү Мырзаев Э. К.** Саламатсыздарбы! Сиздерге жалпы маалымат берип өтөйүн. Терроризм – бул, саясий жана экономикалык максаттарга мыйзамсыз жолдор менен жетүүгө аракет жасоо. Терроризмдин негизги максаты – кандайдыр бир чакырыкка же болбосо саясий келишпөөчүлүккө коомдун көңүлүн буруу, башкача айтканда, саясий бийликке таасир көрсөтүү жана коомду коркутуу. Учурда, терроризмдин стратегиясы өнүккөн доорго жана социо-экономикалык түзүлүшкө жараша бир топ өнүгүп, улам барган сайын кеңири аймакты камтууга умтулууда. Дүйнөнүн бүгүнкү күндөгү бет алган багыты экономикалык жана саясий кызыкчылыктарды тирештирип, таасир талаштырып турат. Ошондон улам, «бөлүп ал да башкара бер» же болбосо «өзүңдүн кызыкчылыгыңа зыяны тийбегидей төмөн деңгээлде карма» деген позицияны карманган айрым блоктордун же болбосо ири державалардын диний, этникалык, рассалык багыттагы ар түрдүү маселелерди, социо-экономикалык жакырчылыкты терроризмге жем катары пайдаланганын көрүүгө болот. Мындай нерсе абалды табийгый жана жасалма жол менен чыңалтып, терроризмдин жаралуусуна себеп жаратат

**Угулду; Мектеп директору Аалиев Б. сөзү:** Саламатсыздарбы! Жогоруда айтып өткөн маселелерди алдын алуу ар бирибиздин милдетибиз. Урматтуу мугалимдер жана тех персоналдар силердин коопсуздугунар биз үчүн кубаныч. Ал эми коопсуздукка албетте силер менен бирге жетебиз. Терроризм жана экстремизмди, кылмыштуулукту жана коррупцияны алдын алсак, бизди жаркын келечек күтүп турат деп терең ишенүү менен айта алам. Коррупция деген эмне? Коррупция – бул мамлекеттик органда иштеген адамдардын өз кызматтык ордунан же абалынан пайдаланып, мыйзамсыз акча талап кылуусу же кызматтык ордун өз кызыкчылыктарына пайдалануусу. Андыктан окуучулардан акча чогултуу менен мектепке жана мугалимдерге белектерди берүүсүнө жол бербешибиз зарыл. Ж. о. э. азыркы учурда митингтерге чыгуу көйгөй катары каралып жатат. Ошондуктан сиздерди максатсыз митингге чыкпоого чакырат элем. Максатсыз дегеним, бироолордун жетегинде алардын куралы болуп калбаныздар. Бизде мындай көрүнүштөр катталбаса да алдын алуубуз керек.

**Угулду; Тарбия иштери боюнча уюштуруучу Алмазбек к А..**Саламатсыздарбы жалпы жамаат! Чогулуштун башында Терроризмге жана экстремизмдин башка терс көрүнүштөргө каршы күрөшүү жана антикоррупциялык субъектилеринин иштеринде бирге иш алып барууну координациялоону камсыздоо боюнча маселелер каралды. Сиздердин да келип түшүндүрүү иштерин жүргүзгөндөрүнүздөргө ыраазылык билдирбиз!

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап

## Токтом кылат:

1. №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин жалпы жамаатына терроризм, экстремизм жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча түшүндүү иштери жүргүлгөндүгү белгиленсин.
2. Жүргүзүлүп жаткан иштерди көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Чогулуш башчысы:** **Аалиев Б**

**Катчысы:** **Сүйөрбек к Г.**

Scanned by TapScanner

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ

№11 САЙМАЛУУ-ТАШ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ

Индекс: 721500
Карл Маркс а. Мектеп к. №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН

ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №11 САЙМАЛУУ_ТАШ

Индекс: 721500
с.Карла Маркса у. Мектеп №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

**Жалпы ата-энелер чогулулушу**

Карл Маркс а.
28-апрель 2022-ж.

с.Карл Маркс
№___

# №9 Токтом

**Катышканы- 39**
**Каралуучу маселе:**

1. **Жазгы эс алууларга чыгууга тыюу салуу жөнүндө**
2. **Ар кандай маселелер**

**Угулду; Мектеп директору Аалиев Б. сөзү:** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер, бүгүн жогоруда айтылган маселерлер боюнча сөз кылабыз. Жаз келгендигине байланыштуу окуучулар походко баруугa тыюу салыныздар! Себеби өспүрүм куракта ар кандай окуялар болуп кетиши мүкүн. Ошол жаман окуяларды биргеликте астын алышыбыз керек. Ал эми бул чогуштан соң ар бир класстын жетекчилери балдарыныздар тууралуу кененирээк маалымат берет.

**Угулду; Мектептин тарбия иштери боюнча уюштуруучусу Алмазбек к А. сөзү:** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер, класс жетекчилер! Азыркы учурда сулар кирип атат. Коопсуздук чараларын көрбөсөк болбойт. Эс алууга барабыз деп сууга түшүп кетишпесин. Андан тышкары ал жакка машина менен барышат. Жашы жете элек окуучуларга машинаны башкарууга уруксат бербениздер! Окуучулардын жүрүм турумун көзөмөлгө алып койсонуздар!

Чогулуш угуп талкуулап
**Токтом кылат:**

3. Окуучулардын жүрүм-турумун көзөмөлдөө жагы ата-энелерге, класс жетекчилерге тапшырылсын:
4. Аткарылган иштерди көзөмөлдөө жагы тарбия иштери боюнча уюуштуруучу А. Алмазбек кызына тапшырылсын:

**Чогулуш башчысы:** **Аалиев Б.**

**Катчысы:** **Сүйөрбек к Г.**

Scanned by TapScanner